## Мамлекеттик казына облигациялар рыногу

*(2013-жылдын июль айы)*

Финансы министрлигинин казына облигацияларын баштапкы рынокто жайгаштыруу боюнча июль айында бир аукцион болуп өткөн. Аталган баалуу кагаздарына сунуштун жалпы көлөмү өткөн айдын көрсөткүчтөрүнө салыштырмалуу 11,0 пайызга көбөйүү менен 146,5 млн. АКШ долларын түзгөн. Бирок, рыноктун катышуучулары тарабынан өткөн айдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырмалуу 77,0 пайызга төмөндөө менен, 116,0 млн. сом суммасына баалуу кагаздар сатылып алынган. Сатуулардын мындай түшүүсү рыноктун катышуучулары тарабынан активдүүлүгүнүн төмөндөгөнүнөн улам болгон.

Канааттандырылган суроо-талаптын деңгээли 3,2 пайыздык пунктка төмөндөп, 46,2 пайызды түзгөн. Баалуу кагаздардын орточо салмактанып алынган кирешелүүлүгү өткөн айдын көрсөткүчүнө салыштырмалуу 15,0 пайызды түзүү менен (-0,3 пайыздык пунктка) төмөндөгөн.

**1-график. МКО сунушунун жана суроо-талабынын көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы.**




Жүгүртүүдөгү МКОнун көлөмү июль айында 5,7 млрд. сомго (+2,1 пайызга) чейин жогорулаган. Мында, коммерциялык банктардын үлүшүнүн 1,0 пайыздык пунктка (48,8 пайызга чейин) төмөндөөсү байкалган, институционалдык инвесторлордун салыштырма салмагы, тескерисинче, 1,0 пайыздык пунктка жогорулаган жана 51,1 пайыз өлчөмдө түптөлгөн. Резидент – жеке адамдардын жана резидент – юридикалык жактардын жалпы үлүшү 0,1 пайызды түзгөн.

Айдын жыйынтыгы боюнча МКОнун баштапкы рыногунун концентрациялануу[1] индекси 0,41 түзгөн, бул концентрациялануунун жогорку деңгээлин көрсөтүп турат жана рынокто бирдей үлүштөгү эки инвестордун катышуусуна ылайык келет.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде экинчилик рынокто МКО менен операциялар жүргүзүлгөн эмес.

[1] Аталган индекс банктар портфелиндеги баалуу кагаздардын концентрациялануу деңгээли көрсөтүлөт. Концентрациялануу индекси Херфиндаля-Хиршмана методикасы боюнча эсептелинет жана жалпы көлөмдө көрсөткүчтүн салыштырма салмагынын квадраттарынын суммасын түшүндүрөт. Индекстин мүмкүн болгон маанилери 0дөн 1ге чейин маанилердин интервалында бар. Индекстин 0,10 кем эмес мааниси концентрациялануунун төмөн деңгээлине; 0,10дон 0,18ге чейин – концентрациялануунун орточо деңгээлине; 0,18ден жогору – концентрациялануунун жогорку деңгээлине ылайык келет. Мисалга алсак, 0,50гө барабар концентрациялануу индекси бирдей үлүштөгү эки катышуучунун; 0,30 – үч катышуучунун ж.б. катышуусуна эквиваленттүү.

**1-таблица. МКО кармоочулардын коминалдык нарк боюнча түзүмү**

*миң сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Улуттук банкы | | Комм. банктар | | Институт. инвестор | | Резидент юридик. жактар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| Июль'2012 | 3 449 700,0 | 0,0 | 0,0% | 2 164 368,9 | 62,7% | 1 281 183,9 | 37,1% | 4 105,2 | 0,1% |
| Август | 3 936 450,0 | 0,0 | 0,0% | 2 563 273,2 | 65,1% | 1 369 974,6 | 34,8% | 3 160,2 | 0,1% |
| Сентябрь | 4 092 450,0 | 0,0 | 0,0% | 2 441 373,2 | 59,7% | 1 647 874,6 | 40,3% | 3 160,2 | 0,1% |
| Октябрь | 4 362 550,0 | 0,0 | 0,0% | 2 441 473,2 | 56,0% | 1 917 874,6 | 44,0% | 3 160,2 | 0,1% |
| Ноябрь | 4 561 550,0 | 0,0 | 0,0% | 2 476 473,2 | 54,3% | 2 081 874,6 | 45,6% | 3 160,2 | 0,1% |
| Декабрь | 4 750 550,0 | 0,0 | 0,0% | 2 486 473,2 | 52,3% | 2 260 874,6 | 47,6% | 3 160,2 | 0,1% |
| Январь'2013 | 4 841 300,0 | 0,0 | 0,0% | 2 536 223,2 | 52,4% | 2 301 874,6 | 47,5% | 3 160,2 | 0,1% |
| Февраль | 4 955 200,0 | 0,0 | 0,0% | 2 650 123,2 | 53,5% | 2 301 874,6 | 46,5% | 3 160,2 | 0,1% |
| Март | 5 075 200,0 | 0,0 | 0,0% | 2 770 123,2 | 54,6% | 2 301 874,6 | 45,4% | 3 160,2 | 0,1% |
| Апрель | 5 089 700,0 | 0,0 | 0,0% | 2 784 623,2 | 54,7% | 2 301 874,6 | 45,2% | 3 160,2 | 0,1% |
| Май | 5 107 700,0 | 0,0 | 0,0% | 2 707 009,2 | 53,0% | 2 397 488,6 | 46,9% | 3 160,2 | 0,1% |
| Июнь | 5 612 700,0 | 0,0 | 0,0% | 2 796 903,1 | 49,8% | 2 812 594,7 | 50,1% | 3 160,2 | 0,1% |
| Июль | 5 728 700,0 | 0,0 | 0,0% | 2 796 903,1 | 48,8% | 2 928 594,7 | 51,1% | 3 160,2 | 0,1% |